DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-63-163-169
УДК: 37.013

***Уланова С.,*** *магистрант*
*saikalulanova05@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-3801-5993*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## БАЛДАР ЫРЛАРЫН ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ

*Кыргыз элинин жаралуу жана өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын элдик оозеки чыгармачылыгы менен маданияты да ошончолук бай жана байыркы экендиги жалпыбызга маалым. Кыргыз оозеки чыгармачылыгында балдар фольклорунун орду, өсүү жана өнүгүүнүн генетикалык жолу, жанрдык өзгөчөлүгү бар. Балдар фольклору атайын изилденип, классификацияланып, жанрлар боюнча бөлүнөт. Ал эми балдар ырлары мына ушул элдик оозеки чыгармачылыктын бир тармагы катары саналат. Мектепте балдар ырларын окутууда эң алгач анын элдик оозеки чыгармачылык экендигин эске алуу менен, макалада аны кандай ыкмалар аркылуу окутуу тууралуу кеп болот. Балдар ырларын окутууда балдардын жаш өзгөчөлүгү эске алынып, башталгыч класстарда жеңил, жаттоого оңой, эске оңой тутуп кала тургандай кылып, кыймыл-аракет менен да ырда кездешкен сөздөрдү көрсөтүп берүүгө туура келген ыкмалар бар. Атүгүл, ар бир мугалимдин сабакты окутууда өзүнө тиешелүү методу кездешет. Салттуу окутуу ыкмаларынан сырткары, жаңы интерактивдүү окутуу ыкмалары тууралуу да кеп козголот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *балдар ырлары, фольклор, элдик оозеки чыгармачылык, салттуу окутуу, кыргыз эли, метод, максат, милдет, дидактика.*

***Уланова С.,*** *магистрант*
*saikalulanova05@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-3801-5993*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ДЕТСКИХ ПЕСЕН

*Общеизвестно, что чем глубже история создания и развития кыргызского народа, тем богаче и древнее его народное устное творчество и культура. Детский фольклор имеет свое место в кыргызском устном творчестве, генетический путь роста и развития, жанровую специфику. Детский фольклор специально изучается, классифицируется и делится на жанры. Детские песни являются отраслью устного народного творчества. В статье рассматривается вопрос о преподавании детских песен в школах, учитывая, что они являются устными народными произведениями. При обучении детским песням существуют методики, учитывающие возрастные особенности детей и подходящие для учащихся начальной школы, позволяющие демонстрировать встречающиеся в песне слова с помощью движений, что облегчает их запоминание и припоминание. Даже у каждого учителя есть свой уникальный метод обучения. Помимо традиционных методов обучения в статье обсуждаются и новые интерактивные методы обучения.*

***Ключевые слова:*** *детские песни, фольклор, народное устное творчество, традиционное обучение, кыргызы, метод, цель, задача, дидактика.*

***Ulanova S.,*** *master's student*
*saikalulanova05@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-3801-5993*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## INTERACTIVE METHODS OF TEACHING CHILDREN'S SONGS

*It is well known that the deeper the history of the creation and development of the Kyrgyz people, the richer and more ancient their folk oral creativity and culture. Children's folklore has its place in Kyrgyz oral creativity, a genetic path of growth and development, genre specificity. Children's folklore is specially studied, classified and divided into genres. Children's songs are a branch of oral folk art. The article discusses the issue of teaching children's songs in schools, given that they are oral folk works. When teaching children's songs, there are methods that take into account the age characteristics of children and are suitable for primary school students, allowing them to demonstrate the words found in the song with the help of movements, which makes it easier to memorize and recall them. Even each teacher has his own unique teaching method. In addition to traditional teaching methods, new interactive teaching methods will be discussed.*

***Key words**: children's songs, folklore, folk oral art, traditional education, Kyrgyz, method, goal, task, didactics, etc.*

Балдар ырлары – оозеки элдик чыгармачылыктын балдарга арналган жана балдар үчүн аткарылуучу чыгармалары. Бул ырлар күлкүлүү, тарбиялык мааниси чоң, түшүнүүгө оңой жана көбүнчө балдарга популярдуу. «Жылдыздуу түн», «Бака», «Тор», «Менин кичинекей поним», «Эң керектүү үч нерсе», «Арстан менен күрөшкөндө» ж. б. ырлар балдар ырлар жыйнагына киргизилген. Балдардын ырлары көбүнчө бешик ырлары, оюн ырлары жана айтыш ырлары болгон.

«Метод» түшүнүгү орус тили аркылуу чет тилдерден кабыл алынган жана изилдөөнүн, окутуунун, изилдөөнүн методун, ыкмасын билдирген сөз. Тигил же бул иш процессинде натыйжаларга жетишилет, анын натыйжалуулугу ыкманы туура тандоо менен байланышкан. Билим тарыхындагы популярдуу методдор: байкоо, өлчөө, эксперимент, салыштыруу, жалпылоо, индуктивдүү методдор, гипотезалык, дедуктивдүү методдор моделдөө ж. б. Илимдин ар бир тармагы өзүнүн методикасына таянат, анын ичинде кыргыз балдар ырларын окутууда практикада сыналган, биз тарабынан эксперименттерде текшерилген методдор бар.

Метод төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) максат коюу;

б) адамдын иш-аракети (аракет системасы);

в) зарыл (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) ресурстар;

г) обьектини жылдыруу процесси (обьектинин максаттуу кыймылынын механизми);

г) максатка жетүү [2, 101-б.].

И. Бекбоев жана А. Алимбеков советтик жана орус дидактикасынын теориялык изилдөөлөрүнүн негизинде, заманбап сабактарды өткөрүүнүн төмөнкүдөй жалпы ыкмаларын көрсөтүшөт: 1. Лексика методдору. 2. Окутуунун методдору. 3. Практикалык методдор. 4. Репродуктивдүү методдор. 5. Изилдөө методдору. 6. Индуктивдүү методдор. 7. Дедуктивдүү методдор. 8. Өз алдынча иштөө методикасы [2, 103-105, 107-бб.]. Андан соң аларды сүрөттөп, мисалдарды келтирип, төмөнкү ыкмаларга бөлөт: 1. Жомок айтуу; 2. Мектеп лекциясы; 3. Семинар; 4. Суроо-жооп ыкмасы; 5. Талкуулоо методдору; 6. Тегерек стол ыкмасы; 7. Сөз жарышынын ыкмасы; 8. Китепке негизделген метод; 9. Ролдук ыкма; 10. Обсервация же экскурсия ыкмасы; 11. Долбоор ыкмасы; 12. Программалап окутуу методикасы; 13. Окутуунун көйгөйлүү ыкмаларын сабакта колдонуунун өзгөчөлүктөрү.

Э. Мамбетакунов жана Т. Сияев окутуу ыкмаларын төмөнкүдөй классификациялайт:

Салттуу окутуу ыкмалары.

Булактары боюнча классификация. Белгилүү болгондой, билимдин эң байыркы салттуу булактары практика, үйрөнүү жана оозеки салт болуп саналат. Коомдун өнүгүшүнүн натыйжасында билимдин дагы бир негизги булагы – китептер пайда болгон. Азыркы учурда компьютердик технологияларга негизделген видео булактар пайда болду. Ошентип, салттуу классификация боюнча окутуу ыкмалары төмөнкүлөргө бөлүнөт: практикалык, нускамалык, оозеки, китеп жана видео булактар.

Окутуунун методдору окуу максатына жараша төмөнкүдөй бөлүктөргө бөлүнөт: билимди алгачкы алуу үчүн арналган ыкмалар; көндүмдөрдү жана адаттарды өнүктүрүү; билимди колдонуу; чыгармачылык ишмердүүлүк; бекемдөө; билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү текшерүү ыкмалары.

Окутуунун методдору таанып-билүү ишинин мүнөзүнө ылайыкташтырылган төмөнкү топторго бөлүнөт: иллюстративдик жана түшүндүрмө; репродукция, проблеманы коюу, жекече издөө жана изилдөө.

Иллюстрацияда жана түшүндүрүүдө алынган билимдер даяр формада берилет, мугалим окуу материалын ар кандай жолдор менен берет, окуучулар өз деңгээлине жараша кабылдап, түшүнүп, эстеп калышат. Бул ыкмада мугалимдин ишмердүүлүгү биринчи кезектеги мааниге ээ.

Окутуунун репродуктивдүү-кайталоо усулунда окуу материалы окуучуларга даяр формада берилип, мугалим балдарга жеткиликтүү түшүндүрүп, окуучулар кабыл алып, эстеп калат. Алынган билимдердин бекемделиши бир нече жолу кайталоо аркылуу камсыз кылынат. Бул ыкма алынган билимди туура калыбына келтирүүгө жана кайра айтып берүүгө негизделген.

Баяндоо кыйын болсо, аны өзүң издеп, даярдап башта. Мында маселе мугалим тарабынан коюлуп, башынан аягына чейин мугалим тарабынан чечилет. Окуучулар натыйжаларга кантип жетүүнү үйрөнүшөт. Изилдөө учурунда студенттер өз аракеттеринин жана изилдөөлөрүнүн негизинде жыйынтык чыгарышат. Бирок окуучулар маселени башынан аягына чейин чече албагандыктан, мугалим аларга бир нече чечүү жолдорун көрсөтөт. Изилдөө метод катары мугалим менен окуучулардын ортосундагы көйгөйлөрдү табууга жана чечүүгө багытталган. Бул үчүн мугалим да, окуучу да анализ жана синтез абалында деп эсептешет. Окуу процессинде изилдөө ыкмасын колдонуу абдан жакшы натыйжаларды берет, бирок бул ыкма көп даярдыкты жана убакытты талап кылат.

Окутуу методдору дидактикалык максаттары боюнча эки топко бөлүнөт: а) окуу материалын алгачкы кабыл алууну уюштуруу; б) алган билимдерин тереңдетүү жана бекемдөө. Окуу материалын алгачкы кабыл алууну уюштуруу ыкмаларына: өнүктүрүүчү-маалыматтык методдор (оозеки, баарлашуу, китеп менен иштөө), издөө методдору (издөө, маек, диспут, лабораториялык иштер) жана изилдөө ыкмалары кирет [5, 212-213-бб.].

Балдар ырлары адабий чыгарма болгондуктан, аларды окутуу адабиятты окутуунун методикасы, көркөм чыгармаларды талдоо менен байланышкан. Тема, башкача айтканда, иштин өзү тигил же бул ыкманы талап кылат жана методдорду тандоо окуу материалына, класстын деңгээлине, окуучулардын кызыгуусуна жана мугалимдин чыгармачылык активдүүлүгүнө жараша болот. Балдар ырлары кыска музыкалык чыгармалар болгондуктан, аларды эстеп калуу оңой жана аларды эстеп калуу менен балдардын эсинде көпкө сакталып калышын камсыз кылабыз. Өткөн кылымдын 60-90-жылдарында мектепке баргандар окуу учурунда үйрөнгөн ырларын ырдап жүргөнүн көп эле көрүп жүрөбүз. Ал кезде башка маалымат каражаттары активдүү болбогондуктан, ыр жаттоого өзгөчө маани берилип, жаттоо ыкмасы негизгилердин бири болгон. Балдарды ырга үйрөтүү процессинде жаттоо ыкмасын

билим берүү технологиясына киргизүүнү да активдүү колдойбуз. Жаттап калуу үчүн бир катар ыкмалар колдонулат.

4-класста Б. Асаналиевдин **«Эң эле керек үч нерсе»** деген ыры сунушталат, ырдын тексти берилген соң, окуучуларга төмөнкүдөй суроолор коюлат:

1. Адамга керек үч нерсе деп автор эмнелерди айтып жатат?
2. Силердин ата-энеңер кандай эмгек кылып, силерди өстүрдү? Алардын эмгегин ырдагы айтылгандар менен салыштыра аласыңарбы?
3. Иштерман адам менен жалкоо адамды салыштырып, дептериңерге кластер түзгүлө.

Ушул үч суроодон кийин ырды жаттоо тапшырмасы коюлат. Ыр мындай:

Биринчиси – тазалык,
Ыплас иштен качалык.
Жуунуп көңүл ачалык.
Таза жерге жаталык.
Экинчиси – эң керек,
Эне-атага бир белек:
Тартиптүүлүк.
Аны биз
сактабасак, ким берет?
Үчүнчүсү – ак эмгек,
Үйрөн көнүп жаш кезден.
Үйүң толот иштесең,
Табылат жогуң издесең.
Жакшылык, жыргал биз көргөн
– ак эмгектин жемиши.
Эмгекчинин жеңиши,
Эмгексиз турбай эр киши [10].

Ырды балдар оңой жатташы жана эсинде көпкө сакташы үчүн визуалдык методдор катары адегенде үч буюмдун (ата-эне, тазалык, эмгек) сүрөтү, же фотосу, же макети көрсөтүлөт. Кыймылдуу методдо биз жуунуп жатканды, эмгекти кыймыл-аракет менен жаңсап көрсөтсөк болот. Окуучулардын ырды жаттоосун активдештирүү үчүн логикалык метод катары чыгармада кандай ой айтылганын талкуулап алсак болот.

Жаттоого ыр берүүдө төмөнкүдөй жагдайлар эске алынат: 4-класстын «Адабий окуу» китебинде Б. Асаналиевдин «Арстан менен күрөшкөндө» деген ыры жаттоого берилген, ырдын тексти мындай:

Бара жатсам токойдо,
Арстан чыкты алдымдан.
Келатканда качырып,
Алдым дароо алкымдан.
Күбүрөдүм ичимден,
Күбүйүн деп тишиңди.
Аяк серппей ал жатты,
Көрдүңөрбү күчүмдү! [10]. Эгер 3-класста Б. Асаналиевдин «Мурас» деген 11 сап ырын толук жаттоо, ар кандай класстардын жыйынтыгын эсептеп караганда, 70-80 пайыздын тегерегинде болсо, ошол эле автордун 4-класстын «Адабий окуу» китебиндеги «Арстан менен күрөшкөндө» деген 8 сап ырын жаттоо 50-56 пайыздын гана тегерегинде болду. Анан биз окуучулар эмне үчүн бул ырды жаттоодон кыйналып жатканын изилдегенде, алар «алдым дароо алкымдан», «күбүрөдүм ичимден», «күбүйүн деп тишиңди», «аяк серппей ал жатты» деген төрт сапта фразеологиялык

айкаштардын катар келиши, бул сөз айкаштарын балдар активдүү сөздүк корунда колдонбошу менен түшүндүрүлдү. Ыр жаттоодо балдардын чыгармачылык, психологиялык өзгөчөлүгү да эске алынууга тийиш: бир топтогу балдар ырды мугалим окуп бергенде, жаттап алат, дагы бир тобу жолдоштору, ага-эжелери окуп берип жаттатат, айрымдары ичинен күңгүрөнүп жүрүп жатташса, башкалары үн чыгарып, катуу-катуу кыйкырып жатташат, дагы бир топтогу балдар тез эле жаттап алса, башкаларына жаттоо үчүн бир топ убакыт керек болот, айрымдары деги эле ырды (текстти) жаттай алышпайт. Ырларды окутуунун методдору жалпы эле адабиятты окутуунун методдору менен байланышта каралат.

4-класста Б. Асаналиевдин **«Байчечекей»** деген ыры сунушталат, ырдын тексти берилген соң, окуучуларга төмөнкүдөй суроолор коюлат:

1. Күндүн жылышы менен биринчи кар астында жаткан байчечекей жаралганда айлана кандай эле?
2. Эрте жазда жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болду? Өзүңөр да айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзгүлө.
3. Байчечекейдин башка гүлдөрдөн өзгөчөлүгү эмнеде?
4. Байчечекейдин башкалардан мурун соолуп калышына эмнеге башка гүлдөр кайгырышты?

**Байчечекей**

Күн күркүрөйт кайрадан,
Көктүн бети бүркөлүп.
Балдар үйгө чуркашат,
Байчечекей гүл терип.
Татынакай көгүш гүл,
Тамылжытат ажарын.
Байчечекей аркылуу,
Кучактайсың жаз айын [10].

Бул методдор орус адабиятын окутуу илиминде кеңири изилденген. 1960-жылдары советтик методист В. В. Голубков адабият үч негизги метод менен окутулат деп айтып, төмөндөгүлөрдү белгилеген:

1. Лекция ыкмасы (жаңы материалды баяндоо, аны түшүндүрүү, үн чыгарып окуу, мугалимдин окуяны кайра айтып берүүсү);
2. Адабий интервью ыкмасы;
3. Студенттердин өз ара аракеттенүү ыкмасы (оозеки баяндамалар жана жазуу иштери).

1980-жылдары дагы бир советтик методист Н. И. Кудряшев (1904-1981) бул түшүнүктү кыйла тереңдеткен [3, 215-б.].

И. Я. Лернер методдорду төмөнкүдөй классификациялайт:

- түшүндүрүүчү-иллюстративдик же маалыматтык-рецептивдик;
- репродуктивдүү;
- маселени коюу ыкмасы;
- эвристикалык же жарым-жартылай издөө;
- изилдөө методу жана бул бөлүм башка дидактиктер жана методологдор тарабынан колдоого алынган [4, 392-б.].

Өзгөчө, көркөм стилдеги тексттер адамга таанып билүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк, эстетикалык таасир берүү менен башка стилдеги тексттерден өзгөчөлөнүп турат. Алар окурманга көркөм коммуникация процессинде дүйнөнү таанууну жаратат [1].

А. Муратов менен Б. Байсабаев адабиятты окутуунун методикасы боюнча эмгектерди талдап, жыйынтыктап, төмөнкүдөй талдоо жасашат: «Адабиятты окутуунун

методикасынын алкагында Н. И. Кудряшев окутуунун чыгармачылык методун баса белгилейт. Анын максаты – текстти изилдөө процессинде чыгарманы көркөм кабыл алуу менен байланыштыруу.

Методикалык ыкмалар – көркөм окуу, түшүндүрмө окуу, диалог, жеке кабыл алуу менен байланышкан чыгармачылык тапшырмалар, сабакта тарбиялык маселелерди коюу. Окуучулардын окуу иш-аракетинин түрлөрү: окуу, жаттоо, угуу, пландоо, аңгеме түзүү, пикир жазуу, сүрөттөрдү кароо.

Чыгармачылык менен окуу ыкмасы адабиятты изилдөөнүн алгачкы этабы болуп эсептелет.

Эвристикалык ыкма жарым чалгындоо ыкмасы болуп саналат. Бул негизги көйгөйдү кантип изилдөө керектигин көрсөтөт. Анын негизин сүйлөшүү жана талкуу түзөт. «Эвристика» гректин heurisko сөзүнөн келип чыккан, «табуу», «ачуу» дегенди билдирет. Бул ыкманы колдонуу менен мугалим окуучуларын тапкычтыкка, ачылышка умтулууга үндөйт. Жарым-жартылай изилдөө аркылуу студенттер автордун чыгармасына койгон көркөм, адеп-ахлактык, социалдык, философиялык ж. б. көйгөйлөрдү тереңирээк изилдөөгө аракет кылуу менен интеллектуалдык деңгээлди көтөрүүгө шарттар түзүлөт» [6, 15-19-бб.]. Адабиятты окутуунун методикасы боюнча эмгектерде бул ыкмалардын ар биринин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп, аларды чыгармачылык менен колдонуунун зарылдыгы белгиленет, ошондой эле бир сабакта бир нече ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүгү баса белгиленген [3, 62-76-бб.; 7, 53-71-бб.]. Методду тандоо конкреттүү сабактын алкагындагы актуалдуу педагогикалык процесс менен аныктала тургандыгы белгиленген. Ошону менен бирге окутуунун методдорун классификациялоодо жана аныктоодо чечилбеген маселелер, талаш-тартыштар көп экенин белгилей кетмекчибиз. Бул, биринчи кезекте, окутуу методдорун классификациялоонун ар кандай принциптерин карманганыбыз менен түшүндүрүлөт. Мисалы, билим булагы боюнча: оозеки ыкмалар (мугалимдин сөзү, баяндоо); практикалык ыкмалар (окуу китептери, окуу куралдары, мемуарлар ж. б. менен иштөө); окутуунун методикасы (экскурсия, кино жана телесабак ж. б.). Билимди өздөштүрүү формасы боюнча: лекция, талкуу, өз алдынча иштөө. Адабиятты үйрөнүү жана окутуу процессинде окуучунун жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жараша чыгармачылык, эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү окутуу ыкмалары колдонулат.

Жогоруда айтылган Н. И. Кудряшевден башка ата мекендик методисттер адабиятты окутуунун усулдарын төмөнкүдөй классификациялашат.

В. В. Голубков: лекция методу, адабий баарлашуу ыкмасы, өз алдынча иштөө ыкмасы.

В. А. Никольский: көркөм сөз менен туюнтулган эмоционалдык образдын маанисин ачуу ыкмалары, чыгарманы талдоо, талкуулоо ыкмалары.

Биринчи топко педагог-методисттин көркөм окуусу, жаттоо, кайра айтып берүү, көркөм кайталоо, чыгармадагы ойду толук берүү, көркөм иллюстрация сыяктуу ыкмалар кирет [7, 98-б.].

Окумуштуунун эмгегинде түшүндүрүү менен окуу өзгөчө мааниге ээ, ал эми класста мугалим текстти үн чыгарып окуу менен түшүндүрөт.

Г. Н. Ионин: көркөм чечмелөө ыкмасы, сынчыл жана публицистикалык ыкма, адабий издөө жана изилдөө ыкмасы [9, 12-22-бб.].

Мында көркөм чечмелөө ыкмасы менен студент (окуучу) котормочу, ал эми мугалим өз алдынча режиссердун милдетин аткарат, бул – чыгармачылык метод.

Сынчыл публицистикалык ыкма окурмандын өзүнчө бир түрүн – окуганына баа берген окурман-сынчыны түзөт.

Адабий изденүү жана изилдөө методу мектеп жана студенттик адабий сындын ролун алып, балдар белгилүү бир деңгээлде изилдөөчү, адабият таануучу болуп чыгышат. Бул ыкмалардан тышкары, ата мекендик адабиятчылар дагы башка ыкмаларды (техникаларды) бөлүп көрсөтүшөт, мисалы, көркөм окуу, чыгармачылык менен кайталоо, көркөм баяндоо, сызык аралык сүрөт тартуу, иллюстрация, түрдүү каармандарды салыштыруу ж. б. [6, 15-19-бб.]. Адабият сабагынын түрлөрүн балдарга поэзияны үйрөтүүдө сабактын максатына (формасына) жараша төмөнкүдөй классификацияга бөлүүгө болот:

1. Салттуу адабият сабактары: көркөм адабият окуу; окуганыңызды чечмелеп, түшүндүрүп бериңиз; сүйлөшүү; лекциялык сабак; суроо-жооп сессиялары; жаттоо сабактары; өткөн темаларды кайталоо боюнча сабактар; жаңы теманы түшүндүргөн сабактар; өз алдынча иштөө сабагы; лабораториялык жана практикалык сабактар.

2. Адабиятты окутууда салттуу эмес адабият сабактары: викторина сабагы; жомок сабагы; пресс-конференция сабагы; дебат сабагы; ток-шоу; интервью сабагы; тегерек стол; сабак-оюн; сабактын этабы; сабак-фильм; сабак-жолугушуу; сабак-театр; мелдеш-сабак; сабак-рефлексия ж. б.

Мындан тышкары, интерактивдүү сабактар барган сайын талкууланууда. Б. Оторбаев мындай дейт: «Биз интерактивдүү сабактарды окутуунун өзүнчө формасы катары киргиздик. Себеби аны салттуу сабактарга да, салттуу эмес сабактарга да киргизүү мүмкүн эмес. Интерактивдүү сабактын максаты – театралдаштырылган оюн-зоокту маданий иш-чара катары даярдап, аны салттуу эмес сабактагыдай ачык сабак катары комиссияларга сунуштоо эмес, окуу процессин учурдун талабына ылайык уюштуруу, билим сапатын жогорулатуу, демократиялык коомдун татыктуу мүчөсү – инсанды калыптандыруу…Интерактивдүү сабактар салттуу сабактар менен конкурстук негизде иштеген өз алдынча билим берүү системасы катары каралат» [9, 45-46-бб.]. Демек, балдарды ырга үйрөтүү ар кыл ыкмаларды, чоң материалдык потенциалды жана мугалимдин жигердүү чыгармачылык ишин талап кылат.

**Адабияттар:**

1. Анапияева, А. А. Көркөм стилдеги тексттер тууралуу / А. А. Анапияева, А. Абдылдаева, Ж. Сыдыкова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2022. - No. 52-2. - С. 45-50. - EDN DSCRIX

2. Бекбоев, И. Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы / И. Б. Бекбоев, А. Алимбеков. - Бишкек: Бийиктик, 2011. - 192 б.

3. Кудряшев, Н. И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы / Н. И. Кудряшева. - М.: Просвещение, 1981.

4. Лернер, И. Я. Дидактическая система методов обучения / И. Я. Лернер. - М.: Знание, серия «Педагогика и психология», 1976. - №3.

5. Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери : Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. 2-бас. / Э. Мамбетакунов, Т. М. Сияев. - Бишкек: Айат, 2008. - 304 б.

6. Муратов, А. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер / А. Муратов, Б. Байсабаев. - Бишкек, 2010. - 72 б.

7. Никольский, В. А. Методика преподавания литературы в средней школе / В. А. Никольский. - М.: Просвещение, 1971. - 256 с.

8. Оторбаев, Б. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу / Б. Оторбаев. - Бишкек, 2011. - 96 б.

9. Саттарова, А. Т. Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери : пед. илимд. канд. …диссертация / А. Т. Саттарова. - Ош, 2019.

10. https://new.bizdin.kg/media/books/Adabii-okuu-4-klass.pdf.